**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын**
**кезектүү**
**№6 жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ**

13.01.2023 ж.

**Төрага: м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев**
**Катчы: Курманбек кызы А**
**Катышкандар:30.**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 202-окуу каанасы***

**Күн тартиби:**

1. *Кафедранын ага кураторунун 2022-2023 окуу жылынын I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылдык үчүн иш планын бекитүү.*
2. *Кафедранын илимий иштери боюнча жооптуу Туйбаев А.З.2022-2023 окуу жылы үчүн I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылынын иш планын бекитүү, илимий конференциялардын графигин түзүп бекитүү.*
3. *Ар түрдүү маселелер.*
   1. *Экзамендердин күзгү семестрине анализ жүргүзүү.*

1. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** сөз башында күн тартиби менен тааныштырып, кафедранын ага кураторунун отчетун угуу үчүн сөздү Курманбаев Нуржигит Адашкановичке берди. Нуржигит Адашканович: жыл башында группалар куратолорго бөлүнүп берилди, уюштуруу иштеринде кураторлор менен биргеликте кураторлук стенд жасалды, кафедра башчы менен кураторлор тарбия ишиндеги көйгөйлөрдү таклууладык, улук куратор менен жаштар комитетинин акыйкатчынын жана старосталардын жолугушусу уюштурулду. Окуу тарбия иштеринде тайпалык старосталардын укуктарын түшүндүрүү жана ар бир тайпадагы тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө иштери жүрдү. Кафедранын I-жарым жылы үчүн пландалган иштери толугу менен аткарылды. Нуржигит Адашканович жалпы жааматты кафедранын II-жарым жылдыгындагы куратордун иш планы менен тааныштырды. Отурумдун мүчөлөрү ага куратордун отчетун угуп, II-жарым жылдыкдагы куратордун иш планы менен таанышып, талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

2. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев кафедранын илимий иштеринин отчетун угуу үчүн жооптуу Туйбаев Азамат Заировичке сөз берди. Азамат Заирович: кафедранын сапаттык көсөткүчү 45% түзүп, кафедрада 5 профессор, 14 к.м.н., 1PhD, 22 жөнөкөй окутуучу эмгектенет. Кафедранын

окутуучулары Wenb of science, ORCID, Google академия жана elibrary.ru сайттарына катталышты. Жыл ичинде кафедрадагы окутуучулар Кыргызстан чегинде ар кандай конференцияларга, симпозиумдарга, форумдарга ж.б. илимий иш-чараларга катышышты. Кафедранын жарым жылга пландалган уюштуруу иштери толугу менен аткарылды. Туйбаев Азамат Заирович II-жарым жылга карата түзүлгөн иш планы менен жалпы жамаатты тааныштырды. **Жарыш сөзгө чыккан** отурумдун төрагасы м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев II-жарым жылдыкта карата кафедрага тиешелүү предметтер боюнча окутуучуларды студенттер үчүн методикалык колдонмолорду чыгаруулары айтып өттү жана ошондой эле кафедранын кандидаттык жана доктордук илимий иштин үстүндө изденүүчүлөрүнө, аспирантарга илимий изилдөө иштеринин темаларына тийиштүү статьяларды жогоруда аталган журналдарга чыгарууларын белгиледи. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып баары бир добуштан колдоп чечим кылат.

3. **Ар түрдүү маселелер боюнча. Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** экзамендердин күзгү семестрине анализ жүргүзүүдө 3 курс хирургия предметинен экзамендин сапаттык көрсөткүчү төмөн болгон, башка курстардын экзамендик сапаттык көрсөткүчү талапка ылайык жооп берет деп айтты. **Жарыш сөзгө чыккан** Саид Али Аббас Рахат 3-курстардын экзамендеги сапаттык көрсөткүчүн төмөн болуусун себебин 3-курстардан көпчүлүк студенттер жаны окуу жылына кечигип келгендиги менен байланыштырды. Ошол себеп модулдар аз болуп, экзаменге таасирин тийгизди деп белгиледи. Негизи студенттер сабакта өзүн алып жүрүүсүнө жана катышуусуна жараша бааланды деп айтты.Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып баары бир добуштан чечим кылат.

## ЧЕЧИМ:

1. **Кафедранын ага кураторунун 2022-2023 окуу жылынын I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылдык үчүн иш планын талкуулап, бекитүү.Кафедранын кураторлук иш планы,иш чаралары менен иш алып баруу Курманбаев Нуржигит Адашкановичке жүктөлсүн.**
2. **Кафедранын илимий иштери боюнча жооптуу Туйбаев А.З.2022-2023 окуу жылы үчүн I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылынын иш планын бекитүү, илимий конференциялардын графигин түзүп бекитүү. Кафедранын илимий иштери боюнча иш алып баруу жооптуу Туйбаев Азамат Заировичке жүктөлсүн.**
3. **Студенттерди баалоодо студенттин сабака катышуусуна жана сабакта өзүн алып жүрүүсүнө жараша бааласын.**

**Жыйындын төрагасы: м.и.к.,доцент** **Курбанбаев О.И.**

**Катчы:** **Курманбек кызы А.**

**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин**
**«Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен»**
**кафедрасынын кезектеги №6 жыйынынын протоколунан**

# КӨЧҮРМӨ

13.01.2023-ж.
12:00

Төрага: м.и.к., доцент **О.И.Курбанбаев**
Катчы: **Курманбек кызы Айзирек**
Катышкандар: **ПОМ 20 мүчөсүнүн баары катышты.**

*Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 202-окутуучулар каанасы*

**Күн тартиби:**

**3-маселе: Стратегиялык план – бул потенциалды комплекстуу өнүктүрүү.Ош МУ нун стратегиялык планы менен жалпы профессордук окутуучулар жамаатын тааныштыруу.**

**Угулду:** Кафедра башчысы м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев сөз башында Ош МУнун стратегиялык планы менен тааныштырып, айтып кетти. Стратегиялык план-бул потенциалды комплекстүү өнүктүрүү, жалпылап айтканда университет илим менен бирге прогрессивдүү технологиялык жетишкендиктерди дүйнөлүк илимий мейкиндике алып чыгуу болуп саналаарын айтып өтү.

**Сөзгө чыкты;** Профессордук окутуучулар курамынын мүчөсү, кафедранын м.и.к., доценти Жунусов Абсалам Тажибаевич сөзгө чыгып: Учурда билим берүү тармагын өзгөртүү, заманбап эмгек рыногунун керектөлөрүн эске алуу менен билим берүүдө чет өлкөлүк тажрыйбаны пайдалануу программаларын иштеп чыгуу жана колдонуу чон мааниге ээ, ошондой эле илим жана билим берүү иш-аракеттери бири-бири менен тыгыз байланышта, илимий-техникалык өнүгүү жана өркүндөтүү процесси, иновациялар көбүнчө билим берүү процесси аркылуу ишке ашат деп кошумчалап белгилеп кетти. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып чечим кылат.

**ЧЕЧИМ.**

**Ош МУ нун стратегиялык планы менен кафедранын жалпы профессордук окутуучулар жамааты таанышып иш алып барсын.**

*Кафедра башчы, м.и.к., доцент:* *О.И.Курбанбаев*

*Катчы:* *Курманбек кызы А.*

**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезексиз №6.1 жыйынынын протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

19 .01.2023 ж.

**Төрага: м.и.к., доцент О.И. Курбанбаев**
**Катчы: Маликова А.Т.**
**Катышкандар: ПОКдын 43 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышты.**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 202-окутуучулар канаасы***

**Күн тартибинде:**

1. **"ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ОНУГУУ МОДЕЛИ" стратегиялык программасы жонундо.**

*Угулду: "Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен"кафедрасынын башчысы, м.и.к., доцент О.И. Курбанбаев* "ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ОНУГУУ МОДЕЛИ" стратегиялык программасы жонундо баарыныздарга сунушталып, электрондук вариантта таркатылып берилген, таанышып чыккан болсонуздар керек. Кошумчаныздар болсо сунуштасаныздар.

*Кафедранын м.и.к., доценти А.Т.Жунусов* "ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ОНУГУУ МОДЕЛИ" стратегиялык программасы менен таанышып чыктым. Баары жогорку денгээлде тузулгон, кошумча сунуштар жок. Мен ойлоймун университеттин ар бир кадры озуно жуктолгон миледеттерин так аткарып, илимий эмгектер менен алек болсо стратегиялык пландын ишке ашуусуна комоктошкон болобуз.

Отурумдун жалпы мучосу "ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ОНУГУУ МОДЕЛИ" стратегиялык программасын бир добуштан колдоду.

Кенешме талкуулардан кийин төмөндөгүдөй чечим кылат:

**ЧЕЧИМ:**

1. "ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ОНУГУУ МОДЕЛИ" стратегиялык программасы ишке ашуусу учун кафедранын ар бир персоналы активдуу иш алып баарууга милдеттендирилсин.

**Кафедра башчы:** ______________________ **О.И.Курбанбаев**

**Катчы:** ________________________ **Курманбек кызы А.**